КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

**Пресс-релиз**

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик ченди 8,5 пайызга чейин жогорулатты

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2022-жылдын 31-январында эсептик ченди (негизги ченди) 50 базистик пунктка 8,5 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды. Чечим 2022-жылдын 1-февралынан тартып күчүнө кирет.

Дүйнө жүзүндө товарларды жеткирүү туруктуу болбой, улам үзгүлтүккө учурашы менен бирге дүйнөлүк финансы рынокторунда ликвиддүүлүктүн өсүшү таасирин тийгизген, дүйнөлүк товардык-чийки зат рыногунда баалардын өсүшү улангандыктан, өлкөбүздө жана дүйнө жүзүндө инфляциялык басымдын жогору болушу сакталып турат. COVID-19 коронавирусунун омикрон-штаммынын жайылышынан улам, дүйнөдө жана Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүндө иш жигердүүлүгүнүн калыбына келиши бир аз басаңдаганы белгиленген.

Кыргыз Республикасында экономикалык жигердүүлүк орточо деңгээлде калыбына келүүдө. 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча реалдуу ИДӨнүн өсүшү 3,6 пайызды, Кумтөр алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда 3,9 пайызды түзгөн. Негизинен, кызмат көрсөтүү жана өнөр жай секторлорунан оң салым белгиленген. Ошол эле учурда, айыл чарбасында жана курулушта өндүрүштүн кыскарышы экономиканы калыбына келтирүүдө оздуктоочу фактор болуп калган.

Кыргыз Республикасында инфляция динамикасына монетардык эмес факторлор таасирин тийгизүүдө. 2022-жылдын январь айында (21-январында) инфляция жылдык мааниде 11,1 пайызды түзгөн, жыл башынан бери баалар 0,9 пайызга өскөн. Баа динамикасына негизги басым дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өсүшүнүн уланып жатышынан жана 2022-жылдын январында алкоголдук жана тамеки заттарына акциздердин пландалган жогорулашынан келип чыккан. Үстүбүздөгү жылы күйүүчү-майлоочу материалдарга бaанын өсүшү инфляцияга кошумча салымын кошууда.

Учурда түптөлгөн жагдайда Улуттук банк акча-кредиттик шарттарды катаалдатуу жагында аракетин сактап турат. Мындай чечим Кыргыз Республикасында инфляциянын учурдагы динамикасына жана инфляциялык күтүүлөргө тышкы таасирлердин кесепетин минималдаштыруу максатында кабыл алынган.

Акча рыногунун конъюнктурасына дүйнөлүк экономиканын калыбына келиши боюнча белгисиздиктин күчөшүнүн жана сакталып турган геосаясий чыңалуулардын фонунда калыптанган, банк тутумундагы ашыкча ликвиддүүлүктүн жалпы деңгээлинин олуттуу өсүшү таасирин тийгизүүдө. Бул шарттарда банктардын активдүүлүгү ачык рынокто кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар жагында белгиленген. Жалпысынан, акча

рыногунун чендери негизги чен менен бирдей багытты көрсөткөн жана пайыздык чектин алкагында калыптанган.

Ички валюта рыногундагы жагдай туруктуу бойдон калууда. Ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына суроо-талаптын анын сунушунан ашып кетиши фонунда, Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында валюталык тооруктарга катышкан.

Банк секторун өнүктүрүүнүн оң көрсөткүчтөрү сакталууда: 2021-жылы кредит портфелдин көлөмү 11,8 пайызга[1] көбөйсө, депозиттик база 34,3 пайызга[1] өскөн. Ошол эле учурда кредиттер боюнча чен төмөндөө тенденциясына ээ: 2021-жылдын декабрь айында улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган чен 2020-жылдын декабрь айына салыштырганда 1,8 п.п. төмөндөө менен 15,4 пайызды[1], чет өлкө валютасында 3,0 п.п. төмөндөө менен 5,2 пайызды[1] түзгөн.

Экономиканын долларлашуу көрсөткүчү акырындык менен төмөндөөдө: 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча депозиттердин долларлашуусу 41,2 пайызды[1] (жыл башынан бери -1,7 п.п.), ал эми кредиттердин долларлашуусу - 27,9 пайызды[1] (-5,0 п.п.) түзгөн.

Тышкы чөйрөнү өнүктүрүүнүн өбөлгөлөрүн жана ички экономикалык шарттарды эске алуу менен Улуттук банк эсептик ченди 8,5 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды. Зарыл болгон учурда Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан монетардык саясатына кошумча оңдоолорду киргизет.

Улуттук банк инфляцияга таасирин тийгизүүчү тышкы жана ички факторлорго үзгүлтүксүз баа берип турат жана экономикалык кырдаалга жараша акча-кредит саясаты боюнча тиешелүү чараларды көрөт.


*Маалымат үчүн:*

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү боюнча кийинки отуруму 2022-жылдын 28-февралында өтөт.

[1]алдын ала маалыматтар боюнча


**1-график.** Кыргыз Республикасында жалпы инфляция

*(%, өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)*




**2-график.** Кыргыз Республикасында региондор боюнча инфляция

*(%, өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)*




*Улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде

**3-график.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени

*(пайыздар)*

